# Качество образовательных услуг КЭУ и достижения студентов

**Основной целью работы 2-х месячника (ноябрь, декабрь) по предоставлению образовательных услуг в университете являлся мониторинг качества работы структурных подразделений и ППС по критериям, разработанным Отделом качества и аккредитации КЭУ.**




Из 128 ППС осуществляющую преподавательскую деятельность в осенне-зимний семестр были посещены занятия 112 преподавателей. Отлично получили 70 преподавателей, хорошо – 40, удовлетворительно - 2 преподавателя. Стоит отметить, что максимальное количество баллов (20 - баллов) получили 30 преподавателей. Таким образом, в ходе проверки членами комиссии были определены лучшие ППС, кафедра и структурные подразделения.

По итогам провери структурных подразделений и расчетно-рейтинговой оценки ППС 2013-2014 года, определены номинации:

Лучший профессор - Чолбаева С.Дж.( 518 баллов);

Лучший доцент – Расулова Н.К. ( 295 баллов);

Лучший ст. преподаватель – Назекова М.Т( 224 балла);

Лучший преподаватель – Осмонова Б.Б.( 159 баллов);

Лучший методист кафедры – Аматова Н.С.;

Лучшая кафедра – Математика и естественнонаучных дисциплин(53 балла);

Лучшие структурные подразделения – Лицей и ИНОО (34 балла).

Проведенный анализ позволил сделать вывод, что феномен качества образовательных услуг вуза – это многомерная концепция предполагающая существование различных групп потребителей, по-разному оценивающих и использующих результаты деятельности образовательного учреждения. Важно выделить четыре подхода к определению качества образования с точки зрения потребителя. Первый подход определяет качество как передачу знаний и формирование навыков, соответствующих требованиям рынка труда. С точки зрения второго подхода качество образования – передача знаний и формирование навыков, соответствующих интересам студентов. Третий подход определяет качество как характеристику условий обучения и приятного время препровождения в вузе. Четвертый подход рассматривает качество как возможность получения престижного диплома, обеспечивающего конкурентоспособность выпускников вуза на рынке труда. Только имея эти четыре подхода КЭУ получит неоспоримое устойчивое преимущество перед конкурентами. Определить модель, на которую ориентируется данный вуз, можно лишь на основе комплексного анализа всей его деятельности, то что и сделала комиссия.

Также, отмечу об одном из главных достижений КЭУ, гдепо результатам открытого конкурса Национальной премии "Kyrgyz Tourism Awards 2014" за достижения в области развития и продвижения туризма Кыргызстана подведены итоги, где организатором выступил Департамент туризма при Министерстве культуры, информации и туризма Кыргызской Республики. В номинации «Лучшее отечественное высшее учебное заведение по направлению туризма» обладателем сертификата и гран-при стал Кыргызский экономический университет им. М. Рыскулбекова.

**А.БЕГАЛИЕВА**

# ОГПИнин студенттери Түркиядан кайтып келишти

**Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун окутуучулары жана студенттери Түркиянын Кастомону университетинен билим алып келишти. Бул тууралуу окуу жайдын басма сөз кызматы билдирди.**

Түркиядагы бул университетке түрк тилин мыкты өздөштүргөн 30 студент тест аркылуу тандалып алынган. Тандалгандардын ичинен Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун тарых сабагынын окутуучусу Кармышаков Талант, гуманитардык факультетинин студенти Садырбек уулу Данияр, музыкалык-педагогикалык факультетинин студенти Махамадкасым кызы Самар дагы барып, төрт ай окуп, тажрыйба топтоп келишти. Алар окуу жай тарабынан ай сайын 200, окууну аяктаганда 336 АКШ доллар стипендия алып окушкан. Окуу мөөнөтү ушул жылдын январь айына чейин созулган. Түркиядан билим алып келген алдыңкы студенттерге окуу жай тарабынан келишимдик акысын төлөөдө 50% жеңилдик берилди.

# Студенттер спортчулар менен жолугушту

**Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун жана Жалал-Абад мамлекеттик университетинин студенттери дүйнө чемпиондору менен жолугушту.**

Иш-чара студенттердин спортко болгон көз карашын, кызыгуусун арттыруу максатында өткөрүлүп, ага Самбо боюнча Азия чемпиону Максат Мусабаев, «Мухаммед Умар» спорт клубунун жетекчиси Улукбек Омурзаков, эрежесиз эр мушташ боюнча дүйнө чемпиону Кылычбек Саркарбаев, алыш күрөш боюнча дүйнө чемпиону Нурбек Аканов жана самбо боюнча дүйнө чемпиону Жаныбек Аматов катышты.

Дүйнө чемпиондору менен студенттер эркин темада баарлашып, өздөрүн кызыктырган суроолорго жооп ала алышты.

# "Манастын" студенттери дагы алдыда

**Түркиянын Стамбул шаарында Түркия ашпозчулар (TAŞFED) жана Дүйнөлүк (WACS) шеф-поварлардын ассоциациясы менен биргеликте уюштурулган XIII Стамбул Эл аралык Гастрономия фестивалында Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Туризм жана мейманкана иштетүү мектебинин ага окутуучусу Н.Турганбаева жетекчилик кылган ресторан иши жана кулинардык өнөр бөлүмүнүн төрт студенти катышып, байгелүү орундарга ээ болушту.**

Фестивалга дүйнөнүн 32 өлкөсүнөн 1220 студент катышып, жалпысынан 2555 ашпозчу 73 категорияда тамак-аш искусствосу боюнча өздөрүнүн таланттарын көрсөтүштү. "Манас" университетинин студенттери Азиза Халова менен Канат Султанбеков Негизги тамак жана десерт категориясы боюнча күмүш медалды, ал эми Негизги тамак категориясы боюнча Зыйнат Каримова коло медалды багындырса, фестивалдын эң кызыктуу бөлүгү болгон "Жылдын эң мыкты университети (JPT2 - Best The University of Year) " конкурсунда Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин тайпасы күмүш медалга татыды.



# Кайрымдуулук акциясы өттү

**Түркиядан оор операция жасатууга муктаж болуп жаткан Исманали Муратовду колдоо максатында Оштогу эки окуу жайда кайрымдуулук акциясы өтүп, топтолгон каражат Исманалинин колуна тапшырылды.**

Ош мамлекеттик университетинде 5-февраль «Кайрымдуулук күнү» деп жарыяланып, ОшМУнун таланттуу бүтүрүүчүсү Исманали Муратовго колдоо көрсөтүү жана студенттерди гуманизмге, боорукерликке тарбиялоо максатында кайрымдуулук акциясы уюштурулуп, анда топтолгон каражатты окуу жайдын ректору Каныбек Исаков Исманалинин колуна тапшырды.

Белгилей кетсек, "МаралFM" радиосунун Оштогу бөлүм башчысы, журналист Исманали Муратов боорундагы альвеококкоз оорусуна байланыштуу чет өлкөдө 80 миң АКШ долларына операция жасатышы керек. Январь айынан бери Исманалинин достору операцияга акча чогултуу максатында "Ismanlife" акциясын өткөрүшүүдө. Исманали окуган университет дагы четте карап турган жок.

Ушундай "Исманга жашоо" деген аталыштагы дагы бир акция Ош мамлекеттик юридикалык институтунда да өтүп, жыйналган каражат Исманалинин банктагы эсебине которулду.

# Логикасы күчтүү студенттер үчүн сынак өтөт

**Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Башкаруу жана бизнес институту "Практикалык маркетинг жана логистика - 2015" IV эл аралык олимпиадасын өткөрөт.**

Мындай олимпиаданы аталган институттун маркетинг, коммерция жана логистика кафедрасы жыл сайын өткөрүп келет. Ал маркетинг жана логистика боюнча билимдерди, компетенттүүлүктү жайылтуу, студенттердин чыгармачылык демилгелерин, илимий-практикалык иликтөөлөрүн өнүктүрүү, маркетинг жана логистика боюнча адистерди даярдоодо жогорку окуу жайлардын ролун өнүктүрүү максатын көздөйт.

Олимпиада эки турда өткөрүлөт. Биринчи турда студенттер дисциплина боюнча 25 мүнөталык тесттен өтүшсө, экинчи турда командалар логикалык максаттагы маркетингдик изилдөөлөрүнүн презентациясын жасашат. Олимпиадага республикадагы жогорку окуу жайлардын баардыгы жана Казакстандын бир катар окуу жайлары чакырылды.

# Студенттерге белек

**Жалал-Абад мамлекеттик университетине жана Ош гуманитардык-педагогикалык институтуна Америка эл аралык университети орус жана англис тилиндеги окуу китептерин белекке берди.**

Өткөн аптада Америка эл аралык университетинин пиар директору, «ТОП KG» газетасынын негиздөөчүсү Орозбаева Динара жана Нью-Йорк шаарындагы Колумбия университетинин бүтүрүүчүсү Жеңиш кызы Женни эки окуу жайда болуп, студенттерге англис тилинде мастер класс өтүштү.

Келген коноктор ЖаМУга 3500, ОГПИге 4500 даана китеп белекке тапшырып, студенттердин Америка университетинен бир айлык практикасын өтүүгө мүмкүнчүлүк түзүп берүү убадасын беришти.

# ОшМУнун окутуучулары мелдешти

**Ош мамлекеттик университетинде профессордук-окутуучулук курамынын ортосунда өткөрүлгөн спартакиада жыйынтыкталып, Медициналык колледждин спортчулары I орунду багындырды.**



Спорттун беш түрү: волейбол, баскетбол, стол тенниси, тогуз коргоол жана шахмат боюнча мелдешке окуу жайдын бардык факультетинен жана колледжинен командалар катышышты. Жыйынтыгында командалык эсепте Медициналык колледждин спортчулары 1-орунду, бизнес жана менеджмент факультетинин командасы 2-орунду, табият таануу жана география факультетинин командасы 3-орунду багындырып, ректорат жана профсоюз уюму тарабынан диплом, кубок, акчалай сыйлыктар менен сыйланышты. Ошондой эле мыкты оюн көрсөткөн спортчуларга да сыйлыктар тапшырылды. Оюндун байге фонду 30 миң сомду түздү.

# "Балет – менин жашоом"

**Кыргыз элинин белгилүү балеринасы, СССРдин Эл артисти, СССР Мамлекеттик сыйлыгын лауреаты, Кыргызстан Ленин комсомол сыйлыгынын жана Ч.Айтматов атындагы Эл аралык сыйлыктардын лауреаты Айсулуу Токомбаева 5-февралда Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Консерватория факультетинин окутуучу жамааты жана студенттери менен жолугушуп, өзүнүн чыгармачылык өмүр жолу жана ишмердүүлүгү, маданият, профессионалдык искусствонун өнүгүшү боюнча ой-толгоолору менен бөлүштү.**

- Балет - менин жашоом. Бий үчүн бул жашоого жаралбасам да, искусство үчүн жаралгам. Апам да Опера балет театрында эмгектенгендиктен, кичине кезимден тарта театрда өсүп-чоңойдум. Сахнада машыгууларды өткөрүп, кериле бийлеп жаткан Бүбүсара Бейшеналиеваны, Рейна Чокоеваны көрүп аябай таң калып, кызыкчумун. Менин балерина болом деген оюм жок болчу. Ата-энем да буга каршы чыккан. Кийинчерээк жан дүйнөм балетти каалап баштады. Жаратылышымдан бийге жөндөмдүү болгон экенмин. Балерина болуу үчүн бүт тоскоолдуктарды басып өттүм, - дейт А.Токомбаева.

А.Токомбаева А.Малдыбаев атындагы Кыргыз улуттук опера жана балет театрында отуз жыл иштеп, бир топ образдарды жараткан. Учурда Түркияда «Хаджи-Тепе» университетинде балет артисттеринин жаңы муундарын тарбиялап келет.

**Чолпон КИЙИЗБАЕВА, "Кутбилим",**
**Акжибек ЖУСУПБЕКОВА,**
**И.Арабаев атындагы КМУнун студенти, практикант**